DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Сатаева С.Т.*

# ДИНИЙ ЧӨЙРӨДӨГҮ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АЛАРДЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН ДИНИЙ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК КООПСУЗДУГУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Сатаева С.Т*

# ПРОБЛЕМЫ В СФЕРЕ РЕЛИГИИ И ИХ ВЛИЯНИЕ НА РЕЛИГИОЗНУЮ И ГОСУДАРСТВЕННУЮ БЕЗОПАСНОСТЬ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*S.T. Sataeva*

# RELIGIOUS PROBLEMS AND THEIR IMPACT ON RELIGIOUS AND STATE SECURITY IN KYRGYZSTAN

*УДК: 947.1 (575.2)*

*Макалада Кыргызстандын диний чөйрөсүндө жаралган проблемалардын дүйнөлүк ааламдашуунун шартындагы жана постсоветтик Борбордук Азиядагы диний процесстер менен өз ара байланышынын, өз ара таасиринин негизинде Кыргызстандагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн талдоого аракет жасалды. Постсоветтик Кыргызстанда дин тутуу эркиндигинин натыйжасында исламдык жана христиандык миссионердик уюмдардын активдешкендиги көрсөтүлдү. Диний чөйрөдөгү башкы маселе диний экстремисттик жана радикалдык уюмдардын аймакта активдүүлүгүнө таасир тийгизген ички жана тышкы факторлору бөлүп көрсөтүлдү. Постсоветтик Борбордук Азиялык республикаларда диний экстремизм, радикализмдин деңгээли бирдей эместигинин тарыхый шарттары көрсөтүлдү. Кыргызстанда диний жана мамлекеттик коопсуздукка коркунуч жараткан радикалдашуу процессинин негизги себептери көрсөтүлдү. Кыргызстандагы диний конфессиялардын (исламдык жана христиандык), конфессиялардын ич ара (исламдык) келишпестик маселелерине сарасеп салынды.*

***Негизги сөздөр:*** *дин, геосаясий процесстер, диний экстремизм, радикализм, диний коопсуздук, мамлекеттик коопсуздук, конфессиялар.*

*В статье была предпринята попытка проанализировать проблемы в области религии в Кыргызстане, на основе взаимодействия в условиях мировой глобализации и в взаимоотношении религиозными процессами в постсоветской Центральной Азии. Было отмечено, что в результате религиозной свободы в постсоветском Кыргызстане активизировались исламские и христианские миссионерские организации. Выявлены внутренние и внешние факторы радикализации, влияющие на деятельность религиозного экстремизма и активизации радикальных организаций в регионе. Показаны исторические условия возникновения и не одинаковый уровень религиозного экстремизма, радикализма в постсоветских республиках Центральной Азии. Были выявлены основные причины процесса радикализации в Кыргызстане, который представляет угрозу религиозной и национальной безопасности сраны.*

***Ключевые слова:*** *религия, геополитические процессы, религиозный экстремизм, радикализм, религиозная безопасность, государственная безопасность, конфессии.*

*The article attempted to analyze problems in the field of religion in Kyrgyzstan, on the basis of interaction in the context of world globalization and in the relationship between religious processes in post-Soviet Central Asia. It was noted that Islamic and Christian missionary organizations had intensified as a result of religious freedom in post-Soviet Kyrgyzstan. Internal and external radicalization factors affecting the activities of religious extremism and the activation of radical organizations in the region have been identified. The historical conditions of emergence and not the same level of religious extremism, radicalism in the post-Soviet republics of Central Asia are shown. The main reasons for the radicalization process in Kyrgyzstan, which poses a threat to the religious and national security of the country, were identified.*

***Key words:*** *religion, geopolitical processes, factors, religious extremism, radicalism, religious security, state security, religious denominations.*

СССР кулап, мурда мамлекетте үстөмдүк кылып келген атеисттик идеология таасирин тез эле жоготуп, анын ордуна пайда болгон идеологиялык боштукту дин ээлей баштады. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы өзгөрүүлөр, мамлекетибизде башкаруунун демократиялык режиминин орношу, динге карата мамлекеттин мамилесин өзгөрткөн. Диндин кадыр-баркы өсүшкө ээ болгон, өлкөнүн динчил калкы ачыкка чыгып, мечиттерге барып намаз окуй башташкан, адамдар диний ынанымдары жөнүндө ачык айтуудан коркпой калышкан.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



1991-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасындагы **“дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө**” [1] мыйзам жарандардын диний чөйрөдөгү укуктарын жана кепилдиктерин бекемдеди. Ошону менен бирге эле, диний ачык үгүт башталган, миссионердик уюмдардын (чет элдик исламдык жана христиандык уюмдардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу) ачык ишмердүүлүгү башталган.

1990-жылдары республикада расмий негизинен эки гана: сунниттик исламынын ханафий мазхабы, православ христиандары гана болсо, азыркы күндө диндин мурда болуп көрбөгөн түрлөрү, секталар жайнап, жашап, өнүгүп жатат. Расмий түрдө мамлекеттик каттодон өткөн христиандык агымдар, секталар: евангелист-баптисттер, Жакабалардын күбөлөрү, католик, адвентист, лютеран, “Иисус Христос”, иудаизм багытындагылар, буддизмдин өкүлдөрү, бахаи коому, универсалдуу чиркөө, «Кудайдын Сөзү» чиркөөсү жана башка ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатышат.

Акыркы жылдары Кыргызстан Республикасына диний ишмердүүлүк жүргүзүү максатында 54 өлкөдөн, 1544 чет өлкөлүк жарандар келгендиги катталган. Алардын арасынан 377 мусульмандык, 1097 христиандык жана 70 башка диний багыттагы миссионерлер келишкен [2]. Алардын ишмердиги прозелитизм (динин алмаштыруу) негизиндеги кагылышууларга алып келген.

Мындай жагдайда, диний чөйрөдө проблемалар көбөйүп, коом ичинде кооптуулук күчөгөн. Диний факторлор коомдогу абалды туруксуз кылып жиберүүгө жөндөмдүү экендигин эл аралык тажрыйбадан көрүүгө болот.

Бул макаланын максаты дүйнөлүк-ааламдашуунун шартындагы, Борбордук Азиялык - чөлкөмдүк, аймактык - Кыргызстандын диний чөйрөсүндө жаралган проблемалардын өз ара байланышын, өз ара таасиринин негизинде, бул проблемалардын Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрүн аныктоо болуп саналат. Диний чөйрөдө жаралган проблемалар теманын толук көлөмдө мазмунун аныктайт.

Ар түрдүү конфессионалдык диний уюмдардын санынын өсүшү калктын социалдык-экономикалык абалынын начардыгы, эски бааалуулуктардын жок болушу, мамлекеттик идеологиянын жоктугу, дин ишениминин эркиндиги жөнүндөгү Мыйзамдардын киргизилиши, чет элдик миссионердик уюмдардын өлкөдөгү диний ишмердүүлүгү, студенттердин тыштан билим алып келиши, диний окуу жайлардын жана диний фонддордун ачылышы ж.б менен шартталган.

Баарыбызга белгилүү болгондой, акыркы он жылдыктарда диний экстремизм жана терроризм эл аралык деңгээлге өсүп жетти. Ааламдашуу процессине байланыштуу, Борбордук Азиялык аймак эл аралык коопсуздук маселесинде жана стратегиялык зор мааниге ээ болуп отурат. Борбордук Азияда ислам экстремизминин идеясынын жайылтылуу процесси СССРдин ыдырашы жана өз алдынча көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушу мезгилине туура келет. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, Борбордук Азияда диний экстремизм жана терроризмдин, радикалдык уюмдардын ишмердүүлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизген төмөндөгүдөй тышкы факторлор бөлүп көрсөтүүгө болот: Борбордук Азиялык чөлкөмдүн экстремизм жана терроризмдин даражеттүү коркунучу бар Афганистан менен кошуна болушу, ислам дүйнөсүндөгү кагылышуулар, Афгандык конфликт, дүйнөлүк державалардын кызыкчылыктарынын кесилишкен орду болушу (мисалы, АКШ, Россия, Кытай ж.б.), глобалдык соода жолдорунун кесилишкен орду болушу, бул аймак аркылуу наркотрафикалык контрабанданын өтүшү ж.б.

Талиптер башкарган мезгилде Афганистан, террористтик уюмдардын мүчөлөрүн даярдоочу дүйнөлүк борборго айланган. Саясий аренага “Талибандардын” келиши менен Борбордук Азия чөлкөмүнө бул процесстер эки эсе таасирин тийгизген. Жергиликтүү исламдык экстремисстер Афганистандагы Талибан кыймылынын, ошондой эле наркобизнес жана контрабанда менен байланышкан эл аралык жана аймактык топтор менен байланышта болуп, эл аралык экстремисттик уюмдар тарабынан финансылык жактан колдоого ээ болуп келишкен.

Жогоруда көрсөтүлгөн тышкы факторлор Борбордук Азияда исламдык жаңы агымдар “Акрамийлер”, “ваххабиттер” жана эң таасирдүүсү “Хизбут-Тахрир” партиясынын ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүсүнө жагымдуу шарттарды түзгөн. Кадыр Маликов Борбордук Азияда 1995-жылдан бери Аль-Каида жана Хизбут-Тахрир сыяктуу диний уюмдардын активтешкендигин [3] белгилеген. “Хизбут-Тахрир” формалдуу түрдө зомбулукту танат, максаты чөлкөмдө халифаттык бийликти жана шариаттык мыйзамдарды орнотуу болгон. Бул бийлик орногондон кийин бирдиктүү конфессионалдык жалпылык орнойт, бардык социалдык маселелер чечилет, титулдук улут жана улуттук азчылык деп бөлүү жок болот деп алдап, жергиликтүү калкты өз жагына тартып келишкен. Улуттук азчылыкты түзгөндөр Хизбут-Тахрир партиясынан “исламдык кайра жаралуу” жолундагы социалдык маселелерди чечүүчүсү жана алардын кызыкчылыктарын коргоочусу катары көрүшкөн.

Ислам – экстремизмдин пайда болушунун себеби

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эмес, маселенин тамырында Борбордук Азия мамлекеттериндеги социалдык-экономикалык, саясий өбөлгөлөр жатат. Борбордук Азияда радикалдык уюмдардын ишмердүүлүгүнүн ички себептери: суу-энергетикалык проблемалардын курчушу, аймактагы айрым бир мамлекеттердин ортосундагы чек ара маселелеринин такталбагандыгы, улуттар аралык кагылышуулар, аймактык бөлүнүү (мисалы, Түндүк жана Түштүк), мамлекеттик бийликке ишенимдин жоктугу, радикалдык идеялардын жайылтылышы, саясатчылардын динди бийлик үчүн пайдаланышы, ММК сайттарынын туура эмес жана такталбаган маалыматтары ж.б.

Теолог окумуштуу Икбол Мирсаитов, өз изилдөөлөрүндө улуттар аралык мамилелерди бузулушуна экстремистик уюмдардын тиешеси бар экендигин, түштүктөгү кыргыз-өзбек кагылышууларында "Өзбекистандын ислам кыймылынын" [4] тиешеси болгондугун белгилеп кеткен.

Кыргызстанда радикалдашуу процессинин себептери кандай? Бүгүнкү күндө Кыргызстанда радикалдашуу процессинин себептерин кеңири изилдөөлөр жетишсиз, аны калктын пикиринин базасында эле карашат. Көпчүлүк учурда радикалдык уюмдун мүчөлөрүн кимдер түзөт деген суроонун тегерегинде эле маселелер каралат.

Массалык маалымат каражаттары радикалдык уюмдарга киргендердин көпчүлүгүн жаштар түзөт деп айтып келе жатышат. Белгилүү теолог Кадыр Маликов, радикалдык диний уюмдарга жаштардын кирип жатышы, социалдык жиктелүү, социалдык теңсиздик өлкөнүн элитасы тарабынан материалдык ресурстарды ээлеп алышы, светтик билим берүүнүн төмөндөп кетиши, жумушсуздук ж.б проблемалардын болушу жаштардын радикалдык уюмдарга кызыгуусун арттырууда. Бул жагдай коомду бузуучу улуттук жана диний экстремистик эки негизги белгини пайда кылды [5] дейт.

Диний радикализмдин Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстанда келечеги кандай? Чет өлкөлүк тарыхчылар Рой жана Вайнер өздөрүнүн изилдөөлөрүндө Борбордук Азияда ислам көп кырдуу экендигин жана бат-бат өзгөрүп тураарын далилдешкен. Лондон университетинин изилдөөчүлөрү Гончен жана Тазмини Борбордук Азияда ислам уюмдары ар түрдүү экендигин баса белгилешип, жакынкы убакта, алардын ортосунда шериктештиктердин болбой тургандыгын, бийликтерге каршы саясий күч катары чыга албастыгын баса көрсөтүшкөн. Бирок алардын пикири боюнча, эгерде мамлекеттик бийлик режимдери репрессияны (кооптуу делген ислам уюмдарына карата) күчөтсө жана экономикалык кырдаал начарласа ислам радикалдык болушу мүнкүн, деп белгилешет [6].

Ата-Мекендик окумуштуулар мамлекет бул маселени тынчтык жол менен чечиши керек экендигин белгилешүүдө. Бул жаатта чет өлкөлүк окумуштуулар Кыргызстанды "ислам маселесин" чечүүнүн альтернативдик модели катары карашууда. Кадыр Маликов диний коопсуздук маселесин күч колдонуу ыкмасы менен чечүүгө болбостугун, алар менен ачык сүйлөшүүлөргө баруу жолу менен чечүүгө болоорун белгилеп келет.

Постсоветтик Борбордук Азиялык республикаларда радикализмдин деңгээли бирдейби, же бирдей эмеспи? Постсоветтик Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрүндө бул көрүнүштөрдүн жаралышы жана таралышы процесси бирдей денгээлде болгон эмес. Тарыхка кайрыла турган болсок, совет доорунда Кыргызстанда диний экстремизм жана террорчулук проблемасы төмөнкү себептерге байланыштуу болгон эмес: коммунисттик жана атеисттик идеологиянын үстөмдүк кылышы, бул өлкөлөрдө (Кыргызстандын түштүгүнөн башкасы) ислам дини начар жайылтылган, ислам тиричилик деңгээлинде гана үстөмдүк кылган жана исламга чейинки бутпарастык ишенимдер (анын ичинде теңирчилик) менен катар жана аралаш жашап келген, калктын көпчүлүгү өздөрүн мусулман катары эсептегени менен ислам окууларын, шариат мыйзамдарын, ислам принциптерин биле беришкен эмес.

Динди түшүнбөгөндүк, диний билимдин жетишсиздиги, Кыргызстанда диний көз караштардын радикалдашуу процессин шарттаган.

Ал эми бүгүнкү күндө Борбордук Азия өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык, саясий өнүгүү өңүттөрү да ар башкача. Диний өнүгүү жагынан Кыргызстан өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Кыргызстан коңшу республикалардан диний конфессиялардын көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Британдык изилдөөчү Матаис Пелкманс изилдөөлөрүндө "Кыргызстан – баардыгынан мусулмандык ачык өлкө" [6] дейт.

**Диний коопсуздук** – тарыхый белгиленген нормада салттык диний системаны сактап калуу болуп саналат. Бул жерде узак тарыхы менен айкалышкан салттуу диний система жана терең тамыры бар улуттук маданият жөнүндөгү маселе жатат.

Салттуу исламдын өкүлдөрү менен болгон маекте, айрымдары шииттер, агрессивдүү салафиттер (радикалдык) мусулмандардын биримдиги үчүн кооптуу деп белгилешип, салафиттер жана салттык дин өкүлдөрүнүн ортосундагы келишпестиктер исламдын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жана имамдын негиздерине байланыштуу, Куранды чечмелөөдө жана намаз окууда эки анжы түшүнүктөр бар, алар ислам окуусуна коркунуч келтирип жатышат. Ал эми теңирчилер ислам динин туткандарды адаштырып, ислам диндин өзүнө коркунуч келтирип жатышат деп белгилешти [7].

Бүгүнкү күндө мамлекеттик бийлик органдары ислам диний уюмдарын гана ишмердүүлүгүнө жана алар тараптан пайда болгон проблемаларга эле көңүл буруп, христиандык-протестантык уюмдардын ишмердүүлүгү көңүлдүн борборунан четте калтыргандай эле туюлат.

Алынган маалыматтарга таяна турган болсок, прозелитизмге болгон аракетте евангелисттик-баптисттик чиркөө, жакабалардын күбөлөрү активдүү экендигин баса белгилөөгө болот. Көпчүлүк христиан уюмдарын бири-биринен ажырата билишпейт, активдүүлөрүнүн бардыгын эле баптисттер деп аташат. Айыл өкмөтү менен болгон маекте "мыйзамда тигил же бул динди тутуу эркиндиги бар дечү. Алар жаштарды диний окуу аркылуу эмес, ар түрдүү жардамдарды көрсөтүү аркылуу тартып жатышат. Ал уюмга тартылгандар, алардын окууларын биле беришпейт. Башка динге кирген кыргыз каза болгондо, мусулман кыргыздардын мүрзөсүнөн жай берүү маселеси коопту абалды жаратып жатат. Мындай учурлар айылда болгон. Бул маселени айыл өкмөтү жана айыл аксакалдары кийлигишип, калкка туура түшүндүрүп, чечкенбиз. Бул боюнча мечиттерде баяндар айтылат" [8] деп белгиледи.

Диний жана мамлекеттик коопсуздугуна коркунуч фактору болуп маалыматтык коопсуздугу саналат. Маалымат дайыма эле баалуулукка ээ болуп келген. Кеп алынган маалыматтын тууралыгында, кайсы булактардан алынгандыгында.

Кыргызстанда маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу максатында кабыл алынган Концепцияда: "калктын диний сабаттуулугун жогорулатуу, тыюу салынган диний уюмдар тууралуу маалыматты расмий интернет аянтчаларына жайгаштыруу, калк арасында диний экстремизмдин жана терроризмдин алдын алуу, диний уюмдардын маалымат чөйрөсүндө терс маалыматтык таасир этүүсүнө жана деструктивдүү таасирине каршы аракеттенүү" [9], - деп белгиленет.

Жыйынтык. Дүйнөлүк саясий процессте, Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда диний экстремизм жана радикализм мамлекеттин коопсуздугунун коркунучу проблемасы бойдон калууда.

Диний конфессиялардын ортосундагы келишпестиктер прозелитизмге, ал эми исламдык диний конфессиялардын өздөрүнүн ичинде келишпестиктер, исламдык агымдардын көп түрдүүлүгүнүн негизинде, исламдык негиздерин түшүнүү маселесине байланыштуу жана бул көрүнүштөр ачык мүнөзгө эмес, түнт мүнөзгө ээ экендигин баса белгилгөөгө болот. Кыргызстандын диний чөйрөсүндө жаралган проблемалар диний факторлорго байланыштуу ар түрдүү жана көп кырдуу экендигин айтууга болот.

Диний чөйрөдө жаралган маселелердин алдын алуу, диний жана мамлекеттик коопсуздуктун коркунучтарынын алдын алуу, болтурбоо маселеси, мамлекеттин диний чөйрөдө жүргүзгөн саясатына жана айрыкча билим маселесине байланыштуу экендигин баса белгилөөгө болот. Светтик мамлекеттин мүнөзүнө, улуттук жана диндик баалуулуктарга каршы келбеген сапатуу билим берүү – мезгилдин талабы.

**Адабияттар:**


1. 1991-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасындагы "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү" Мыйзамы.
2. Айдаралиев А.А. Религия и общества в современном Кыргызстане. Диссертация. - Бишкек, 2017. - 100 б.
3. Маликов К.К. «Светское государство и исламский политический процесс в Кыргызстане. (http://www.islamrf. ru/news/culture/islam-world/2218/).
4. Мирсаитов И. ИГИЛ как фактор угрозы национальной безопасности КР.
5. Маликов К. Краткое пособие по исламу / К. Маликов. - Бишкек, 2013.
6. Насритдинов Э., Эсенаманова Н.Б. Религиозная безопасность в Кыргызской Республике. - Бишкек, 2014. - 3-6-бб.
7. Балдар медресенин окутуучусу, казыяттын өкүлү жана мечиттин имамы менен болгон маектен.
8. Бакай-Ата районунун Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы менен болгон маек.
9. Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугунун 2019-2023-жылдарга карата Концепциясы. - 6-бөлүм. - 5 пункт.